№ 9 ТИРКЕМЕ

Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 30 чечимине карата

**Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү жана Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагынан алып чыгуу жөнүндө**
**ЖОБО**

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Үчүнчү өлкөлөргө карата тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары жөнүндө протоколдо каралган (2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге № 7 тиркеме) үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүдө тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары колдонулган товарлардын бирдиктүү тизмегинин 2.19-бөлүмүнө киргизилген каражаттарды камтыган шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды жана товарларды (мындан ары – шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар) Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү (мындан ары тиешелүү түрдө – Бирлик, алып келүү) жана Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагынан алып чыгуу (мындан ары – алып чыгуу) тартибин аныктайт.

2. Ушул Жобонун максаттары үчүн колдонулган түшүнүктөр төмөнкүлөрдү билдирет:

«нотификациялардын бирдиктүү реестри» - Бирликке мүчө мамлекеттердин макулдашуучу органдары тарабынан катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтардын № 1 тиркемеге ылайык форма боюнча түзүлгөн жана “Интернет” расмий сайтында жарыяланган тизмек;

«нотификация» - № 2 тиркемеге ылайык Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана жана аларды камтыган товарлардын мүнөздөмөлөрү жөнүндө нотификация тууралуу жободо белгиленген тартипте Бирликке мүчө мамлекеттин макулдашуучу органы тарабынан катталган, № 3 тиркемеге ылайык форма боюнча товарлардын өндүрүүчүсүн (өндүрүүчү тарабынан ыйгарым укук берилген өкүлдү) № 4 тиркемеге ылайык тизмек боюнча шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана алардын курамындагылардын техникалык жана криптографиялык мүнөздөмөлөрү жөнүндө маалыматтарды камтыган билдирме;

«макулдашуучу орган» - Бирликке мүчө мамлекеттин мамлекеттик бийлигинин мамлекеттик (улуттук) коопсуздук жаатындагы, ошол мамлекеттин мыйзамдарына ылайык лицензияларды макулдашууга, корутундуларды (уруксат берүүчү документтерди) берүүгө жана

нотификацияларды каттоого ыйгарым укуктуу органы.

Ушул Жободо колдонулган башка түшүнүктөр Үчүнчү өлкөлөргө карата тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары жөнүндө протоколдо (2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге карта № 7 тиркеме) аныкталган маанилерде жана Бирликтин укугуна кирген эл аралык келишимдерде колдонулат.

3. Үчүнчү өлкөлөргө карата тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары жөнүндө протоколдо (2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге № 7 тиркеме) каралган үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүдө тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары колдонулган товарлардын бирдиктүү тизмегинин 2.19-бөлүмүнө киргизилген товарлар, эгерде алар өз курамында төмөнкүдөй каражаттарды (тутумдарды жана комплекстерди) ишке ашырса же камтыса, шифрлөө (криптография) функцияларына ээ болот:

а) шифрлөө каражаттарын (маалыматтарды криптографиялык кайта өзгөртүү алгоритмдерин ишке ашырган жана маалыматтарды аны байланыш каналдары боюнча берүүдө жана (же) аны иштетүүдө жана сактоодо санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоо үчүн арналган аппараттык, программалык жана аппараттык-программалык каражаттар, тутумдар жана комплекстер);

б) имитацияланган коргоону (маалыматтарды криптографиялык кайта өзгөртүү алгоритмдерин ишке ашырган жана жалган маалыматтарды таңуулоодон коргоо үчүн аппараттык, программалык жана аппараттык-программалык каражаттар, тутумдар жана комплекстер);

в) Бирликке мүчө мамлекеттердин (мындан ары – мүчө мамлекеттер) мыйзамдарына ылайык аныкталган электрондук санариптик кол коюу (электрондук кол коюу) каражаттарын;

г) кайта өзгөртүүнүн бөлүгүн кол операциялары жолу менен же ошондой операциялардын негизинде автоматташтырылган каражаттарды колдонуу менен аткаруу аркылуу маалыматтарды криптографиялык кайта өзгөртүүнүн алгоритмдерин ишке ашырган аппараттык, программалык жана аппараттык-программалык каражаттарын, тутумдарды жана комплекстерди;

д) маалыматтарды криптографиялык кайта өзгөртүүнүн алгоритмдерин ишке ашырган жана негизги документтерди жасоо үчүн арналган (негизги маалыматтардын алып жүрүүчүнүн түрүнө карабастан) аппараттык, программалык жана аппараттык-программалык каражаттарды, тутумдарды жана комплекстерди;

е) криптографиялык талдама функцияларды аткаруу үчүн иштелип чыккан жана модификацияланган аппараттык, программалык жана аппараттык-программалык каражаттарды, тутумдарды жана комплекстерди;

ж) жыштыкты секирмелүү жаңыча түзүү менен тутум үчүн коддорду секирмелүү жаңыча түзүүнү кошкондо, кеңейтүүчү спектр менен тутумдар үчүн кеңейтүүчү кодду генерациялоонун криптографиялык усулдарын колдонуу үчүн иштелип чыккан же модификацияланган маалыматтарды

криптографиялык кайта өзгөртүү алгоритмдерин ишке ашырган аппараттык, программалык жана аппараттык программалык каражаттарды, тутумдарды жана комплекстерди;

з) убакыт боюнча модуляцияланган өтө кеңири тилкелүү тутумдар үчүн каналдарды же жашырындоочу коддорду түзүүнүн криптографиялык усулдарын колдонуу үчүн иштелип чыккан же модификацияланган маалыматтарды криптографиялык кайта өзгөртүү алгоритмдерин ишке ашырган аппараттык, программалык жана аппараттык-программалык каражаттарды, тутумдарды жана комплекстерди.

4. Эгерде шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар өз курамында үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүдө Евразиялык экономикалык бирликтин алкагында Бажы бирлигине мүчө мамлекеттери тарабынан алып келүүгө же алып чыгууга тыюу салуулар же чектөөлөр колдонулган, Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2012-жылдын 16-августундагы № 134 чечими менен бекитилген Товарлардын бирдиктүү тизмегинин (мындан ары – Бирдиктүү тизмек) 2.16-бөлүгүнө киргизилген радиоэлектрондук каражаттарды жана (же) жарандык багытталыштагы жогору жыштык түзүлүштөрүн камтыса, же эгерде шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар ошондой радиоэлектрондук каражаттардын жана (же) жогору жыштык түзүлүштөрүнүн курамына кирсе, анда ошондой товарларды алып келүү Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2012-жылдын 16-августундагы № 134 чечими менен бекитилген Чектөөлөрдү колдонуу жөнүндө жоболорго (Радиоэлектрондук каражаттарды жана (же) жарандык багытталыштагы жогору жыштык түзүлүштөрүн, анын ичинде башка товарлардын ичине салынгандарды же курамына киргендерди Бажы бирлигинин бажы аймагына алып келүү тартиби жөнүндө жобо) ылайык жүзөгө ашырылат.

Эгерде шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар өз курамында маалыматтарды жашырын алуу үчүн арналган, Бирдиктүү тизмектин 2.17-бөлүгүнө киргизилген атайын техникалык каражаттарды камтыса, товардын категориясы макулдашуучу орган тарабынан аныкталат.

5. Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды алып келүү жана (же) алып чыгуу тиешелүү нотификацияны нотификациялардын бирдиктүү реестрине (мындан ары – нотификациялар жөнүндө маалыматтар) киргизүү жөнүндө маалыматтар бар болгондо гана же болбосо, Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2014-жылдын 6-ноябрындагы № 199 чечими менен бекитилген Товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоого жана (же) импорттоого арызды жол-жоболоштуруу жана ошондой лицензияны жол-жоболоштуруу жөнүндө нускамага ылайык жол-жоболоштурулган лицензия же Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2012-жылдын 16-майындагы № 45 чечими менен бекитилген форма боюнча корутунду (уруксат берүүчү документ) (мындан ары – корутунду (уруксат берүүчү документ) ) бар болгондо жүзөгө ашырылат.

## II. Бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу

6. Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды ички керектөө жана экспорттоо үчүн чыгаруунун бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу мүчө мамлекетке лицензия же нотификация жөнүндө маалыматтар берилгенде гана жүзөгө ашырылат.

Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды аларды жайылтуу жана үчүнчү жактарга шифрлөө (криптография) жаатында кызмат көрсөтүү укугусуз өз муктаждыктарын камсыз кылуу максатында ички керектөө жана экспорттоо үчүн чыгаруунун бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу мүчө мамлекеттин бажы органына корутунду (уруксат берүүчү документ) же нотификация жөнүндө маалыматтар берилгенде гана жүзөгө ашырылат.

Эл аралык алмашуу максатында уюлдук байланыш операторлору тарабынан саны 20 даанадан ашык эмес тесттик сим-карталардын үлгүлөрүн ички керектөө жана экспорттоо үчүн чыгаруунун бажы жол-жоболоруна жайгаштырууда лицензия, корутунду (уруксат берүүчү документ) же нотификация жөнүндө маалыматтар талап кылынбайт.

7. Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды бажы аймагында кайта иштетүү, бажы аймагынан тышкары кайта иштетүү, ички керектөө үчүн кайта иштетүү, убактылуу алып келүү (жол берүү), убактылуу алып чыгуу, эркин бажы зонасы жана эркин кампа бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу мүчө мамлекеттин бажы органына корутунду (уруксат берүүчү документ) же нотификация жөнүндө маалыматтар берилгенде гана жүзөгө ашырылат.

Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды убактылуу алып келүү (жол берүү) же убактылуу алып чыгуу бажы жол-жоболору аяктаганда реэкспорттоо же реимпорттоо бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу тиешелүү түрдө, негизинде ошондой товарлар убактылуу алып келүү (жол берүү) же убактылуу алып чыгуу бажы жол-жоболоруна жайгаштырылган корутунду (уруксат берүүчү документ) же нотификация жөнүндө маалыматтар бар болгондо гана жүзөгө ашырылат. Башка учурларда шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды реэкспорттоо же реимпорттоо бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу мүчө мамлекеттин бажы органына корутунду (уруксат берүүчү документ) же нотификация жөнүндө маалыматтар берилгенде гана жүзөгө ашырылат.

8. Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Бирликтин бажы аймагына келген жердин бажы органынан ички бажы органына чейин ташуу үчүн, ошондой эле ички бажы органынан Бирликтин бажы аймагынан кеткен жердеги бажы органына чейин ташуу жана мамлекеттин пайдасына баш тартуу үчүн бажы транзитинин бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу башка бажы жол-жоболоруна берүү үчүн берилген лицензия же корутунду (уруксат берүүчү документ) же нотификация жөнүндө маалыматтар бар болгондо жүзөгө ашырылат.

Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Бирликтин бажы аймагына келген жердин бажы органынан Бирликтин бажы аймагынан кеткен жердеги бажы органына чейин ташуу үчүн бажы транзитинин бажы жол-жоболоруна, ошондой эле жок кылуу бажы жол-жобосуна жайгаштыруу мүчө мамлекеттин бажы органына лицензияны же корутундуну (уруксат берүүчү документти) же нотификация жөнүндө маалыматтарды берүүсүз жүзөгө ашырылат.

9. Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды алымсыз соода бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу мүчө мамлекеттин бажы органына нотификация жөнүндө маалыматтар берилгенде гана жүзөгө ашырылат.

## III. Лицензия берүү

10. Жеке ишкерлер катары катталган юридикалык жактар жана жеке жактар (мындан ары – арыз ээлери) лицензияны жол-жоболоштуруу үчүн Товарларды экспорттоого жана (же) импорттоого лицензияларды жана уруксат берүүлөрдү берүү эрежелеринин (2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге карата №7 тиркемеге тиркеме) (мындан ары – Эрежелер) 10-пунктунун 1-5-пунктчаларында каралган документтерди жана маалыматтарды, ошондой эле Эрежелердин 10-пунктунун 6-пунктчасына ылайык төмөнкүдөй документтерди жана маалыматтарды арыз ээси катталган мүчө мамлекеттин ыйгарым укуктуу органына берет:

а) шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын курамында Бирдиктүү тизмектин 2.16-бөлүгүнө киргизилген радиоэлектрондук каражаттардын жана жарандык багытталыштагы жогору жыштык түзүлүштөрүнүн жоктугу жөнүндө мүчө мамлекеттин мыйзамдарында каралган арыз ээсинин билдирмеси же башка документ;

б) мүчө мамлекеттин мыйзамдарында каралган башка документтер.

11. Арыз ээси тарабынан берилген документтердин көчүрмөлөрү Эрежелердин 11-пунктунда белгиленген тартипте күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

12. Мүчө мамлекеттин мыйзамдарына ылайык лицензия берүү жөнүндө чечим макулдашуучу орган менен макулдашуу боюнча мүчө мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы тарабынан кабыл алынат.

Ушул Жобонун 12-пунктунда белгиленген документтер, эгерде ушул мүчө мамлекеттин мыйзамдарында каралган болсо, арыз ээси тарабынан макулдашуучу органга берилет. Мында ушул Жобонун 12-пунктунун “б” пунктчасында көрсөтүлгөн документтер мүчө мамлекеттин ыйгарым укуктуу органына берилбейт.

Макулдашуу корутунду (уруксат берүүчү документ) берүү аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

13. Эрежелердин 14-пунктунун 1-4-пунктчаларында каралган негиздер бар болгондо, ошондой эле Эрежелердин 14-пунктунун 6-пунктчасына ылайык макулдашуучу орган лицензия берүүгө арызды

макулдашуудан бар тарткан учурда, лицензия берүүдөн баш тартылат.

## IV. Корутунду (уруксат берүүчү документ) берүү

14. Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды ушул Жобонун 6 жана 7-пункттарында каралган бажы жол-жоболоруна жайгаштыруу максатында корутунду (уруксат берүүчү документ) төмөнкүдөй документтер макулдашуучу органга тапшырылганда берилет:

а) Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2012-жылдын 16-майындагы № 45 чечими менен бекитилген үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүдө Евразиялык экономикалык коомдоштуктун алкагында мүчө мамлекеттер тарабынан алып келүүгө же алып чыгууга тыюулар жана чектөөлөр колдонулган Товарлардын бирдиктүү тизмегине киргизилген айрым товарларды алып келүүгө, алып чыгууга жана транзиттөөгө корутундунун (уруксат берүүчү документтин) бирдиктүү формасын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөргө ылайык жол-жоболоштурулган корутундунун (уруксат берүүчү документтин) долбоору;

б) шифрлөөчү (криптографиялык) каражатка техникалык документация (адепки коддорду берүү милдеттүү болуп саналбайт, арыз ээси тарабынан адепки коддорду берүүдөн баш тартуу корутунду (уруксат берүүчү документ) берүүдө баш тартууга негиз болуп саналбайт);

в) мүчө мамлекеттин мыйзамдарында каралган башка документтер.

15. Төмөнкүдөй негиздер бар болгондо корутунду (уруксат берүүчү документ) берүүдөн баш тартылат:

а) ушул Жобонун 19-пунктунда каралган документтер берилбегенде;

б) корутунду (уруксат берүүчү документ) алуу үчүн берилген документтерде толук эмес же калпыс маалыматтар бар болгондо;

в) мүчө мамлекеттин мыйзамдарында каралган башка негиздер.

______________

№ 1 ТИРКЕМЕ

Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды
Евразиялык экономикалык бирликтин бажы
аймагына алып келүү жана Евразиялык
экономикалык бирликтин бажы аймагынан
алып чыгуу жөнүндө жобого карата

(форма)

**Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана аларды камтыган товарлардын мүнөздөмөлөрү жөнүндө БИРДИКТҮҮ РЕЕСТР**

| Нотификациянын номери | Товардын аталышы | Товарды өндүрүүчү | Нотификацияны жарыялоо датасы | Иштөө мөөнөтү | Идентификатор | Статус* | Жокко чыгаруу датасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | о | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |

*Графада “иштейт” же “жокко чыгарылган” деген жазуу кылынат. 7-графага “жокко чыгарылган” деген жазуу кылынганда, 8-графада ушул реестрге ошол жазуу кылынган дата белгиленет . Мында позиция түс менен белгиленет (боз өңү менен).

______________________

№ 2 ТИРКЕМЕ

Шифрлөөчү (криптографиялык)
каражаттарды
Евразиялык экономикалык бирликтин
бажы аймагына алып келүү жана
Евразиялык экономикалык бирликтин
бажы аймагынан алып чыгуу жөнүндө
жобого карата

**Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана аларды камтыган товарлардын мүнөздөмөлөрү тууралуу нотификация жөнүндө**
**ЖОБО**

1. Ушул Жобо төмөнкүдөй тартипти белгилейт:

а) шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана аларды камтыган товарлардын техникалык жана криптографиялык мүнөздөмөлөрү жөнүндө нотификацияны (мындан ары – нотификация) толтуруу жана жол-жоболоштуруу;

б) Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин мамлекеттик бийлигинин ошол мамлекеттин мыйзамдарына ылайык лицензияларды макулдашууга, корутундуларды (уруксат берүүчү документтерди) берүүгө жана нотификацияларды каттоого ыйгарым укуктуу, мамлекеттик (улуттук) коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы органына (мындан ары тиешелүү түрдө – Бирлик, мүчө мамлекет, макулдашуучу орган) нотификация берүү;

в) макулдашуучу органдар тарабынан катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтарды түзүү жана Евразиялык экономикалык комиссиясына (мындан ары – Комиссия) берүү;

г) шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана аларды камтыган товарлардын мүнөздөмөлөрү жөнүндө нотификациялардын бирдиктүү реестрин (мындан ары – нотификациялардын бирдиктүү реестри) “Интернет” маалыматтык-телекоммуникациялык желесиндеги Бирликтин расмий сайтында (мындан ары тиешелүү түрдө – Интернет желеси, Бирликтин расмий сайты) жайгаштыруу;

д) нотификацияны жокко чыгаруу.

2. Нотификация шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү жана Евразиялык экономикалык бирликтин аймагынан алып чыгуу жөнүндө жобого карата № 3 тиркемеде каралган форма боюнча толтурулат (Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 30 чечимине карата № 9 тиркеме).

Нотификация орус тилинде толтурулат. Технологиялардын, протоколдордун аталыштарын, криптографиялык алгоритмдерди жана алардын жалпыга таанылган аббревиатураларын, товарлардын өндүрүүчүлөрүнүн реквизиттерин латын тамгалары менен жазууга жол берилет.

3. Нотификация өндүрүүчүнүн өз далилдеринин негизинде товардын өндүрүүчүсу же товардын өндүрүүчүсү тарабынан ыйгарым укук берилген адам (мындан ары – арыз ээлери) тарабынан бир жолу жол-жоболоштурулат.

Нотификациянын 1-9-пункттары арыз ээси тарабынан толтурулат.

4. Нотификацияда өз курамында окшош шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды (функционалдык бүтүрүлгөн товарлар), бир эле криптографиялык алгоритмди ишке ашырган, жумушчу криптографиялык ачкычтын бирдей максималдуу жол берилген узундугуна, бир эле криптографиялык ачкычты жана бир эле кирүү ырааттуулукту киргизүүдө бир эле чыгуу ырааттуулугун камсыз кылган функционалдык мүмкүнчүлүктөрдүн бирдей жыйындысына ээ болгон товардын бир тиби же бир типтүү товарлардын тобу жөнүндө маалымат айтылышы мүмкүн.

5. Нотификациянын 1-пунктунда товардын же болбосо өз курамында окшош шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды (конкреттүү аталыштарды атоо менен) камтыган бир типтүү товарлардын тобунун соодалык, коммерциялык же башка салттуу аталышы,ошондой эле товардык белгилер, маркалар, моделдер, артикулдар, стандарттар жана башка техникалык жана коммерциялык мүнөздөмөлөр жөнүндө маалыматтар белгиленет.

Программалык камсыз кылуу үчүн версия белгиленет.

Ошондой эле товардын аталышына “жана ага карата камдык бөлүктөрү” деген сөздөрдү кошууга жол берилет.

Бир типтүү товарлардын тобундагы товардын ар бир аталышы жаңы саптан белгиленет. Товардын аталышынан кийин жаңы саптан эскертүүлөрдү белгилөөгө (кылынып жаткан белгилөөлөр үчүн) жол берилет.

6. Нотификациянын 2-пунктунда товардын сыпаттамасы жана багытталышы, ошондой эле ошондой товарда колдонулган шифрлөөчү (криптографиялык) функциялардын багытталышы белгиленет.

7. Нотификациянын 3-пунктунда товар өндүрүүчүсү – юридикалык жактын аталышы жана дареги, анын башкы офиси жайгашкан жер, телефондун жана факстын номуру, ошондой эле электрондук почтасынын жана Интернет желесиндеги расмий сайтынын даректери (бар болсо) белгиленет.

8. Нотификациянын 4-пунктунда төмөнкүдөй маалыматтар белгиленет:

колдонулган шифрлөөчү (криптографиялык) протоколдордун аталыштары;

товарда колдонулган криптографиялык алгоритмдердин (функциялардын) аталыштары жана багытталышы, бардык колдонулуп жаткан ачкычтардын максималдуу узундуктары;

программалык камсыздоонун аталышы жана версиясы;

өндүрүүчүнүн техникалык шарттарына ылайык күчөтүүсүз жана

ретрансляциялоосуз зымсыз иштөөнүн максималдуу алыстыгы (зымсыз раиоэлектрондук жабдууда криптографиялык алгоритмди (функцияны) колдонуу учурунда);

өндүрүүчү тарабынан блок коюлган шифрлөөчү (криптографиялык) функция (бар болсо).

Ар бир конкреттүү функцияны аткаруу үчүн товарларда колдонулган шифрлөөчү (криптографиялык) протоколдордун жана алгоритмдердин аталыштары өз-өзүнчө белгиленет.

Криптографиялык алгоритмдерди (функцияларды) сыпаттоодо оң жагында атайын бөлүнгөн чөнөктө шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү жана Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагынан алып чыгуу жөнүндө жобого карата № 4 тиркеменин тиешелүү номуру (категориянын номуру) белгиленет (Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 30 чечимине карата № 9 тиркеме).

9. Нотификациянын 5-пунктунда төмөнкүлөр белгиленет:

а) товардын декларацияланбаган функционалдык мүмкүнчүлүктөрү (бар болсо), аларды колдонууда төмөнкүлөр болуп кетиши мүмкүн:

иштетилип жаткан маалыматтардын купуялуулугунун, жеткиликтүүлүгүнүн же бүтүндүгүнүн бузулушу;

аутентификациялоо процесстеринин бузулушу;

электрондук санариптик кол коюуну (электрондук кол коюу) пайдалануу механизмине киришүү;

б) ыкчам-издөө иш-чараларын (“полиция” режими) жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн бар же жок болушу.

10. Нотификациянын 6-пунктунда нотификациянын күчү аяктаган датасы белгиленет, ал болгонго чейин өндүрүүчү шифрлөөчү (криптографиялык) функциялардын КК.АА.ЖЖЖЖ. форматында өзгөрүлбөстүгүнө кепилдик берет.

11. Нотификациянын 7-пунктунда төмөнкүлөр белгиленет:

юридикалык жактар үчүн – башкы офисинин аталышы, жайгашкан жери, телефон жана факс номурлары, электрондук почтасынын жана Интернет желесиндеги расмий сайтынын даректери (бар болсо), ошондой эле нотификацияны жол-жоболоштурууга ыйгарым укуктуу адамдын кызмат орду, фамилиясы, аты жана атасынын аты;

жеке жактар үчүн – фамилиясы, аты жана атасынын аты, мүчө мамлекеттин мыйзамдарына ылайык өздүгүн күбөлөндүргөн документтин маалыматтары.

Ошондой эле мүчө мамлекеттин мыйзамдарына ылайык мүчө мамлекеттин арыз ээси тарабынан анын катталышы жүнүндө маалыматтар (каттоочу органдын аталышы, каттоо датасы, каттоо номуру, идентификациялык номур) белгиленет.

12. Нотификациянын 8-пунктунда нотификацияны жол-

жоболоштурууга ыйгарым укуктарды күбөлөндүргөн документтин (ишеним кат, келишим (контракт ж.б.) (нотификация ыйгарым укуктуу адам тарабынан жол-жоболоштурулган учурда толтурулат) реквизиттери белгиленет.

13. Нотификациянын 9-пунктунда нотификацияны КК.АА.ЖЖЖЖ. форматында толтуруу датасы белгиленет.

14. Нотификация нотификацияны жол-жоболоштурууга ыйгарым укуктуу адам тарабынан колдун чечмелөөсүн белгилөө менен кол коюлат жана мөөрдүн тагы менен ырасталат (бар болсо).

15. Арыз ээси берилген маалыматтардын жана документтердин аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

16. Баардык маалымат нотификациянын бланкына батпаган учурда, ошондой маалыматтардын бөлүгү бланктын жана ар бир кошумча барактын тескери жагында белгиленет, мында нотификациянын ар бир барагына арыз ээси тарабынан кол коюлат жана мөөрдүн тагы менен ырасталат (бар болсо).

17. Нотификациянын 1-8 пункттарын толтуруу үчүн жана аны электрондук түрдө жайгаштыруу үчүн программалык камсыздоо Бирликтин расмий сайтында жайгаштырылат жана арыз ээсине төмөнкүлөрдү кылууга мүмкүнчүлүк бериши керек:

а) нотификациянын формасын ушул Жобого ылайык толтурууга;

б) нотификациянын басма формасын түзүүгө жана аны басып чыгарууга;

в) нотификациянын электрондук көчүрмөсүн № 1 тиркемеге ылайык маалыматтардын файлдарынын түзүмүнө жараша түзүүгө;

г) нотификациянын басма формасын жана электрондук көчүрмөсүн файлда сактоого.

18. Нотификацияны арыз ээси тарабынан каттоо үчүн коштомо кат менен комплектте төмөнкүдөй документтер макулдашуучу органга берилет:

а) ушул Жобого ылайык жол-жоболоштурулган 2 нускадагы нотификация;

б) ушул Жобого № 1 тиркемеде каралган маалыматтардын файлынын түзүмүнө ылайык маалыматтардын электрондук алып жүрүүчүсүндөгү (компакт-диск, флеш-эс) нотификациянын электрондук көчүрмөсү;

в) жактын нотификацияны жол-жоболоштурууга ыйгарым укуктарын ырастаган, өндүрүүчү-мамлекеттин мыйзамдарында белгиленген тартипте ырасталган (мыйзамдаштырылган) документ. Документ чет тилде түзүлгөн учурда документтин түп нускасына (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүнө) мүчө мамлекеттин мыйзамдарында белгиленген тартипте макулдашуучу органы нотификациянын каттоосун жүзөгө ашырган мүчө мамлекеттин мамлекеттик тилине котормо тиркелет.

19. Нотификация үчүнчү өлкөнүн өндүрүүчү-уюму болуп саналган арыз ээси тарабынан жол-жоболоштурулган учурда, нотификация мыйзамдаштырылышы керек.

20. Нотификация жана документтер мүчө мамлекеттин мыйзамдарында

каралган тартипте электрондук документ формасында берилиши мүмкүн.

Документтерди электрондук санариптик кол (электрондук кол) коюлган сканерленген документтер түрүндө берүүгө, эгерде ушул мүчө мамлекеттердин мыйзамдарында каралган болсо, жол берилет.

21. Макулдашуучу орган нотификацияны каттоого документтер берилген датадан тартып 7 жумушчу күндөн кеч эмес нотификацияны каттоону жүзөгө ашырат (каттоодон баш тартат) жана № 2 тиркемеге ылайык маалыматтардын файлынын түзүмүнө ылайык катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтарды Комиссияга берет.

Макулдашуучу органдар катталган жана жокко чыгарылган нотификациялар жөнүндө маалыматтардын толуктугу жана ырастыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

22. Комиссия катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтарды алган датадан тартып 3 жумушчу күндөн кеч эмес аларды Бирликтин расмий сайтында жарыяланган нотификациялардын бирдиктүү реестрине киргизет.

Нотификация аны каттоо жөнүндө маалыматтар нотификациялардын бирдиктүү реестрине киргизилген датадан тартып күчүнө кирет.

23. Нотификацияны каттоо (нотификацияны каттоодон баш тартуу) жана макулдашуучу органда катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтарды киргизүү мөөнөтү документтер макулдашуучу органга каттоого берилген датадан тартып 10 жумушчу күндөн ашпашы керек.

24. Комиссия Бирликтин расмий сайтында жайгаштырылган катталган жана жокко чыгарылган нотификациялар жөнүндө маалыматтарды толуктугу жана ырастыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

25. Бирликтин расмий сайтында колдонуучуларга катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтарды карап чыгууга жана издөөгө мүмкүнчүлүк берилет.

26. Документтерди нотификацияны каттоого берүү датасынан тартып нотификацияны каттоого чейинки мезгилде нотификацияга өзгөртүүлөр нотификацияны жол-жоболоштурууга ыйгарым укуктуу адам тарабынан ошол өзгөртүүлөргө виза коюу менен арыз ээси тарабынан киргизилсе болот, мында нотификацияны каттоо үчүн белгиленген мөөнөтү нотификацияга өзгөртүүлөр киргизилген датадан кайрадан башталат.

27. Нотификацияны каттоо үчүн берилген документтер ушул Жобонун талаптарына ылайык келбеген учурда, макулдашуучу орган нотификацияны каттоодон баш тартат.

28. Макулдашуучу орган төмөнкүдөй учурларда нотификацияны жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу:

а) арыз ээси тарабынан себебин белгилөө менен нотификациянын күчүн токтотуу жөнүндө арыз макулдашуучу органга берилгенде;

б) нотификацияда белгиленген калпыс жана толук эмес маалымат макулдашуучу орган тарабынан табылганда;

в) нотификацияда белгиленбеген шифрлөөчү (криптографиялык)

функциялар, же болбосо шифрлөөчү (криптографиялык) функциялардын параметрлеринин нотификацияда белгиленгендерден айырмаланышы табылганда.

29. Нотификация жокко чыгарылган учурда макулдашуучу орган 3 жумуш күнүнүн ичинде бул тууралуу Комиссияны маалымдайт.

30. Нотификациянын күчү анын жокко чыгарылышы жөнүндө маалыматтар нотификациялардын бирдиктүү реестрине киргизилген датадан тартып же анын иштөө мөөнөтү аяктаган датадан тартып токтотулат.

№ 1 ТИРКЕМЕ

Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана аларды камтыган товарлардын мүнөздөмөлөрү жөнүндө нотификация тууралуу жобого карата

**Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органына берилген нотификациялар жөнүндө маалыматттардын файлынын түзүмү**

Нотификациялар жөнүндө маалыматтардын файлы Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органына *.xls. форматында берилиши керек. Белгиленген файлдын түзүмүнүн сыпаттамасы таблицада келтирилген.

| Түзүмдүн элементинин аталышы | Талаанын тиби | Мазмундун мааниси | Милдеттүүлүк |
|---|---|---|---|
| 1. Номуру[1] | символдук | каттоо номуру | жок |
| 2. Товардын аталышы | символдук | товардын аталышы | ооба |
| 3.Товардын өндүрүүчүсү | символдук | товардын өндүрүүчүсү | ооба |
| 4. Нотификацияны каттоо датасы[1] | КК.АА.ЖЖЖЖ форматындагы дата | нотификацияны каттоо датасы | жок |
| 5. Күчүндө болуу мөөнөтү | КК.АА.ЖЖЖЖ форматындагы дата | нотификациянын күчүндө болуу мөөнөтү | ооба |
| 6. Статус[1] | логикалык | нотификациянын статусунун күчүндө/жокко чыгарылган деген маанилери бар | жок |
| 7. Идентификатор[2] | символдук | товардын идентификатору (12-орундуу код) | ооба |

'Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органы тарабынан толтурулат.

[2]Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү жана Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагынан алып чыгуу жөнүндө жобого (Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 30 чечимине карата № 9 тиркеме) № 3 тиркемеде каралган форма боюнча

нотификациянын 4-пунктуна киргизилген маалыматтардын негизинде толтурулат .

Көрсөткүчтүн мааниси 12 белгиден түзүлөт, алардын ар бири шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар болуп саналган же шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды курамында камтыган товарлардын категорияларынын тизмегинин ырааттуу номуруна ылайык келет, алардын техникалык жана криптографиялык мүнөздөмөлөрү Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү жана Евразиялык экономикалык бирликтин аймагынан алып чыгуу жөнүндө жобого (Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 30 чечимине карата № 9 тиркеме) карата № 4 тиркемеде каралган нотификацияга жатат. Идентификатордун символунун ырааттуу номурунун мааниси белгиленген тизмектин пунктунун номурунун маанисине барабар болсо, андан символго бир мааниси, башка учурда – нөль мааниси берилет.

№ 2 ТИРКЕМЕ

Шифрлөөчү (криптографиялык)
каражаттардын жана аларды
камтыган товарлардын
мүнөздөмөлөрү жөнүндө
нотификация тууралуу жобого
карата

**Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органы тарабынан Евразиялык экономикалык комиссиясына берилген катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтардын файлынын түзүмү**

Катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтардын файлы Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органы тарабынан Евразиялык экономикалык комиссиясына *.xls. форматында берилет. Белгиленген файлдын түзүмүнүн сыпаттамасы таблицада берилген.

Катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтардын файлы маалыматтарды Евразиялык экономикалык комиссиясына акыркы берүү датасынан тартып катталган жана жокко чыгарылган нотификациялар жөнүндө маалыматтарды камтыйт жана төмөнкүдөй аталышта болушу керек:

nXX_DD_MM_YYYY.xls,

мында:

n – ушул файл катталган нотификациялар жөнүндө маалыматтардын файлы болуп саналгандыгын белгилеген элемент;

XX – дүйнө өлкөлөрүнүн классификаторуна ылайык өлкөнүн коду (AM – Армения Республикасы, BY – Беларусь Республикасы, KZ –Казакстан Республикасы, RU – Россия Федерациясы);

DD_MM_YYYY – файлды Евразиялык экономикалык комиссиясына жөнөтүү датасы. Мисалы, Россия Федерациясынын макулдашуучу органы тарабынан жөнөтүлгөн 2015-жылдын 15-мартында катталган маалыматтардын файлы төмөнкүдөй аталышта болушу керек: nRU_15_03_2015.xls.

| Түзүмдүн элементинин аталышы | Талаанын тиби | Мазмундун мааниси | Милдеттүүлүк |
|---|---|---|---|
| 1. Номер | символдук, XXNNNNNNNNNN форматында мында: XX – дүйнөнүн классификаторуна ылайык өлкөнүн коду; | каттоо номери. Татаалын мааниси кайталангыс болушу керек | ооба |

| Түзүмдүн элементинин аталышы | Талаанын тиби | Мазмундун мааниси | Милдеттүүлүк |
|---|---|---|---|
| | NNNNNNNNNN – катар номур | | |
| 2. Товардын аталышы | символдук | товардын аталышы | ооба |
| 3. Товардын башкы өндүрүүчүсү | символдук | товардын өндүрүүчүсү | ооба |
| 4. Нотификацияны каттоо датасы | КК.АА.ЖЖЖЖ форматындагы дата | нотификация катталган дата | ооба |
| 5. Күчүндө болуу мөөнөтү | КК.АА.ЖЖЖЖ форматындагы дата | нотификация күчүндө болуу мөөнөтү | ооба |
| 6. Идентификатор | символдук | товардын идентификатору (12 орундуу код) | ооба |
| 7. Статус | логикалык | нотификация күчүндө/жокко чыгарылган деген маанилерге ээ | ооба |
| 8. Жокко чыгаруу датасы | КК.АА.ЖЖЖЖ форматындагы дата | нотификацияны жокко чыгаруу датасы | ооба (жокко чыгарылган учурда) |

______________

№ 3 ТИРКЕМЕ

Шифрлөөчү (криптографиялык)
каражаттарды Евразиялык
экономикалык бирликтин
бажы аймагына алып келүү жана
Евразиялык экономикалык
бирликтин бажы аймагынан алып
чыгуу жөнүндө жобого карата

## **Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана аларды камтыган товарлардын мүнөздөмөлөрү жөнүндө НОТИФИКАЦИЯНЫН ФОРМАСЫ**

«____» -__________20___-ж. № ______________________ реестринде катталган

М.О. ________________________________________ ______________________
(макулдашуучу органдын кызмат адамынын колу) (Ф.А.А.)

-----------------------------------------------------------------------------------------------------------

НОТИФИКАЦИЯ

Мүнөздөмөлөрү жөнүндө ________________________________________________________
(шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана (же) аларды камтыган товарлардын – керектүүсү белгиленсин)

1. Товардын аталышы______________________________________________________________
______________________________________________________________________________

2. Товардын багытталышы___________________________________________________________
______________________________________________________________________________

3. Товар өндүрүүчүсү жөнүндө маалыматтар______________________________________________
______________________________________________________________________________

| 4. Колдонулган криптографиялык алгоритмдер (функциялар) алардын багытталышы: | категориянын № жана №4 тиркемелери |
|---|---|
| а) ______________________________________________________ | ☐ |
| б) ______________________________________________________ | ☐ |
| в) ______________________________________________________ | ☐ |

5. Товарда колдонуучуга берилип жаткан документацияда сыпатталбаган функционалдык мүмкүнчүлүктөрдүн бар болушу ____________________________________________________
______________________________________________________________________________

6. Нотификациянын күчүндө болуу мөөнөтү ___/___/_______

7. Арыз ээси жөнүндө маалыматтар ___________________________________________________
______________________________________________________________________________

8. Жактын нотификацияны жол-жоболоштурууга ыйгарым укуктарын күбөлөндүргөн арыз ээсинин документи жөнүндө маалыматтар (зарыл болгондо) ________________________________________
______________________________________________________________________________

9. Нотификацияны толтуруу датасы ___/___/_______

Нотификацияга киргизилген маалыматтардын аныктыгын жана толуктугун тастыктайм:

М.О. ________________________________ ________________________________
(арыз ээсинин колу) (Ф.А.А.)

№ 4 ТИРКЕМЕ

Шифрлөөчү (криптографиялык)
каражаттарды
Евразиялык экономикалык
бирликтин бажы аймагына
алып келүү жана Евразиялык
экономикалык бирликтин
аймагынан алып чыгуу жөнүндө
жобого карата

**Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар болуп саналган же техникалык жана криптографиялык мүнөздөмөлөрү нотификацияга жаткан шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды курамында камтыган товарлардын категорияларынын ТИЗМЕГИ**

Төмөнкүлөрдүн жок дегенде бирине ээ шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды курамында камтыган товарлар:

1) узундугу 56 биттен ашык эмес криптографиялык ачкычты колдонгон симметриялык криптографиялык алгоритм;

2) төмөнкүдөй усулдардын жок дегенде бирине негизделген ассиметриялык криптографиялык алгоритм:

өлчөмү 512 биттен ашпаган бүтүн сандарды көбөйтүүчүлөргө ажыратуу;

өлчөмү 512 биттен ашпаган аяккы талаанын мультипликативдик тобундагы дискреттик логарифмдерди эсептөө;

ушул пунктчанын үчүнчү абзацында белгиленген өлчөмү 112 биттен ашпаган тааладан айырмаланган аяккы талаанын тобундагы дискреттик логарифм.

Эскертме: 1. Жуп биттери ачкычтын узундугуна киргизилбейт.

2. "Криптография" термини маалыматтарды кысуунун же коддоштуруунун белгиленген усулдарына таандык эмес.

2. Төмөнкүдөй чектелген функцияларга ээ шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды камтыган товарлар:

1) санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоо үчүн паролдорду, жеке идентификациялык номурларды же ушул сыяктуу маалыматтарды коргоого түздөн-түз байланыштуу шифрлөөдөн тышкары, файлдарды же тексттерди шифрлөө жок болгон жеткиликтүүлүктү контролдоонун баардык аспекттерин өзүнө камтыган аутентификация;

2) электрондук санариптик кол (электрондук кол).

Эскертме: Аутентификация жана электрондук санариптик кол (электрондук кол) функциялары аларга байланыштуу ачкычтарды бөлүштүрүү функциясын камтыйт.

3. Криптографиялык мүмкүнчүлүктөрү колдонуучулар тарабынан өзгөртүлө албаган, жеткирип берүүчү тарабынан андан аркы олуттуу колдоосуз колдонуучу тарабынан өз алдынча орнотуу үчүн иштелип чыккан программалык операциялык тутумдардын компоненттери болуп саналган шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар жана колдонуучуга жеткиликтүү болуп саналган техникалык документация (криптографиялык кайта өзгөртүү алгоритмдеринин сыпаттамасы, өз ара аракеттенүүнүн протоколдору, интерфейстердин сыпаттамасы ж.б.).

4. Жеке смарт-карталар (интеллектуалдык карталар):

1) криптографиялык мүмкүнчүлүктөрү ушул тизмектин 5-8-пункттарында белгиленген товарлардын (продукциянын) категорияларында аларды колдонуу менен чектелген;

2) жалпыга жеткиликтүү кеңири колдонуу үчүн, алардын криптографиялык мүмкүнчүлүктөрү колдонуучуга жеткиликтүү эмес жана атайын иштеп чыгуунун натыйжасында аларда сакталган маалыматтарды коргоонун чектелген мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгон.

Эскертме. Эгерде жеке смарт-карта (интеллектуалдык карта) бир нече функцияларды жүзөгө ашыра алса, ар бир функциянын контролдоочу статусу өзүнчө аныкталат.

5. Шифрлөөнү видео- же аудиоканалдарды башкаруу, эсептерди жөнөтүү же программага байланыштуу маалыматтарды берүүнүн провайдерлерине кайтарып берүү үчүн гана пайдалануу учурларынан тышкары, радио берүү, телевидение үчүн кабыл алуучу аппаратура же санариптик сигналды шифрлөөсүз чектелген аудиторияга берүү үчүн ошол сыяктуу коммерциялык аппаратура.

6. Криптографиялык мүмкүнчүлүктөрү колдонуучуга жеткиликтүү эмес болгон, төмөндөгү ыкмалардын кайсынысы менен болбосо колдонуу үчүн иштелип чыккан жана чектелген жабдуу:

1) Көчүрүүдөн корголгон түрдө аткарылган программалык камсыздоо;

2) Төмөнкүлөрдүн кайсынысына болбосун жеткиликтүү:

окуу үчүн гана жеткиликтүү маалыматтарды алып жүрүүчүдө гана сакталган ичиндегилерди көчүрүүдөн корголгон;

окшош шаймандарда калкка сатууга сунуш кылынган маалыматтардын электрондук алып жүрүүчүлөрүндө шифрленген формада сакталган маалымат;

3) автордук укук менен корголгон аудио- жана видео маалыматтарды көчүрүүнү контролдоо.

7. Банктык же каржылык операциялар үчүн атайын иштелип чыккан жана колдонуу менен чектелген шифрлөөчү (криптографиялык) жабдуу.

Эскертме. Каржылык операциялар транспорт кызмат көрсөтүүлөрү жана кредиттөө үчүн жыйымдарды жана төлөөнү да өзүнө камтыйт.

8. Өтмө шифрлөөгө (абоненттен тартып абонентке чейин) жөндөмсүз жарандык багытталыштагы портативдик же мобилдик радиоэлектрондук каражаттар (мисалы, уюлдук радиобайланыштын коммерциялык жарандык тутумдарында пайдалануу үчүн).

9. Өндүрүүчүнүн техникалык шарттарына ылайык 400 м кем

күчөтүүсүз жана ретрансляциялоосуз зымсыз иштөөнүн максималдуу алыстыгы менен радиоканалда гана маалыматтарды шифрлөөнү жүзөгө ашырган зымсыз радиоэлектрондук жабдуу.

10. Маалыматтык-телекоммуникациялык тутумдардын технологиялык каналдарын жана байланыш тарамдарын коргоо үчүн колдонулуучу шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар.

11. Криптографиялык функциялары өндүрүүчү тарабынан бөгөттөлгөн товарлар.

12. Ушул тизмектин 1-11-пункттарында белгиленгендерден башка, жана төмөнкүдөй критерийлерге ылайык келген шифрлөөчү каражаттарды камтыган башка товарлар:

1) Евразиялык экономикалык бирлигинин мүчө мамлекетинин мыйзамдарына ылайык төмөнкүлөрдүн кайсынысы аркылуу болбосун чекене сатуу жерлеринде бар болгон ассортименттин ичинен чектөөлөрсүз калкка сатуу үчүн жалпыга жеткиликтүү:

накталай акчага сатуулар;

товарларга почта аркылуу тапшырык берүү аркылуу сатуулар;

электрондук бүтүмдөр;

телефон тапшырыктары боюнча сатуулар;

2) шифрлөөчү (криптографиялык) функционалдык мүмкүнчүлүктөрү колдонуучу тарабынан жөнөкөй ыкма менен өзгөртүлө албагандар;

3) жеткирип берүүчү тарабынан андан аркы олуттуу колдоосуз колдонуучу тарабынан орнотуу үчүн иштелип чыккан;

4) товарлар ушул пункттун 1-3-пунктчаларында жайгаштырылган талаптарга ылайык келгендигин тастыктаган техникалык документация өндүрүүчү тарабынан эркин жеткиликтүүлүктө жайгаштырылган жана зарыл болгондо макулдашуучу органга анын суроо-талабы боюнча өндүрүүчү (ал тараптан ыйгарым укук берилген адам) тарабынан берилет.